**И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университети**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын**
**Тарых жана маданий мурас институту**

Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528

Кол жазма укугунда:
УДК:930.1.(09:947.081-083:947.1(575.2)

**Токторбекова Нурзыйнат Асаналыевна**

# Кыргыз таануу маселесинин орус тарыхнаамасында изилдениши (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)

Адистиги**:** 07. 00. 09 – тарыхнаама, булактаануу жана тарыхый изилдөө ыкмалары

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын

А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы

**Бишкек- 2017**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана археология, этнология» кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору
**Алымбаев Жээнбек Байыскулович**

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору
**Жакыпбеков Жаныбек**

тарых илимдеринин кандидаты
**Рахимов Руслан Марадбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин "Кыргызстандын тарыхы жана аны окутуу усулу" кафедрасы
Дареги: 722360, Каракол шаары, Тыныстанов көчөсү 32

Диссертация 2017-жылдын "__" __________ саат 16.00 дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.
Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а. Авторефераттын жана диссертациялык иштин толук тексти «arabaev.kg» сайтына жүктөлгөн.

Автореферат 2017-жылдын «___» _____________ таркатылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д., профессор** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргызстандын көз карандысыздыгына ээ болушу саясий-экономикалык жактан гана өз алдынчалыкка жетишүүгө шарт түзбөстөн, илим тармагында да, өзгөчө кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө плюралистик көз караштардын жаралышына, элдин нукура тарыхына эркин ой жүгүртүп, жаңыча илимий көз караштардын пайда болушуна жол ачты.

Акыркы 25 жылдын аралыгында кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө жергиликтүү тарыхый булактарды пайдаланып, өткөн тарыхка жаңыча баа берүү тенденциясы күчөдү. Кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө советтик тарыхнаамада тарыхчылардын көз жаздымында калган жаңы багыттарды изилдөө күч алды.

Кыргыз элинин өткөн тарыхын изилдөө, жаңы багыт катары жаралып, изилдөөнү талап кылып жаткан актуалдуу маселелердин бири – бул кыргызтаануу маселеси болуп саналат. Кыргызтаануу маселесин изилдөө, ага карата болгон коомдук муктаждык төмөнкү шарттар менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, орус тарыхнаамасында XVIII к. экинчи жарымында «түркстантаануу» багытынын бир бөлүгү катары жаралган «кыргызтаануу» маселеси тарых илиминде өз алдынча изилдөөгө алына элек. Экинчиден, орус тарыхнаамасында кыргыз элинин саясий, социалдык-экономикалык тарыхын чагылдырган эмгектер булакнаама гана эмес, тарыхнаама катары өз алдынча изилдөөгө алынган эмес. Үчүнчүдөн, XVIIIк. экинчи жарымынан XXк. башына чейинки кыргыздардын тарыхын чагылдырган көп томдуу «Түркстан жыйнагын» пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн кыргыз окурмандарына сунушталышы, кыргызтаануу маселесин терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк жаратууда. Төртүнчүдөн, кыргызтаануу маселесин тарыхнаамалык таризде өз алдынча иликтөөгө алуу Кыргызстандын постсоветтик тарыхнаамасындагы айрым илимий көз-караштарды чечүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Кыргызтаануу маселеси постсоветтик доордогу жаралган жаңы багыттардын бири болгондуктан, тарых илиминде аталган маселени конкреттүү, комплекстүү түрдө изилдөөгө алган эмгектер жок. Бирок, XIX к. экинчи жарымынан ушул күнгө чейин кыргыз элинин саясий, социалдык-экономикалык тарыхын сүрөттөгөн орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн изилдөөлөрүнө талдоо жүргүзгөн илимий эмгектер жаралган.

Ошондуктан каралып жаткан маселенин изилденүү деңгээлин *революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик доорлорго* бөлүп кароого болот.

***Революцияга чейинки доор.*** Революцияга чейинки доордогу орус саякатчылары, чыгыштаануучулар, аскер адамдары айрым эмгектеринде гана обзордук, библиографиялык багытта анализ жүргүзүшкөн**.** Алардын катарына А. Н. Харузин, А. Е. Алекторовду кошууга болот.

Орус тарыхнаамасынын өкүлү, белгилүү географ, этнограф А.Н.Харузин биринчилерден болуп кыргыздар жана казактар боюнча библиографиялык көрсөтмө түзүүгө жетишкен. А. Н. Харузиндин[173] көрсөтмөлөрүндө кыргыздар боюнча жазылган этнографиялык макалаларга, очерктерге, эмгектерге кыскача аннотация берилет. Библиографиялык мазмундагы эмгектердин катарына А. Е.Алекторовдун Казахстандын крайтаануу багыты боюнча түзүлгөн көлөмдүү эмгегин кошууга болот [27]. Казак жана башкыр элдеринин тарыхын, этнографиясын, маданиятын изилдеген орус чыгыштаануучусу А.Е.Алекторов казактар жана ага канатташ элдер боюнча жазылган орус авторлорунун эмгектерине аннотация берген. Автордун көлөмдүү эмгегинен кыргызтаануу маселесин чагылдырган авторлор, алардын эмгектери боюнча кыскача маалымат алууга болот. Революцияга чейинки доордогу орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн ичинен XIXк. 50-70-жылдарындагы Кыргызстандагы саясий кырдаал, кыргыздардын Кокон хандыгы менен болгон мамилеси, Россия империясына каратылышы жана орус саякатчылары тарабынан

Батыш Тянь-Шандын изилдениши, алардын эмгектерине карата тарыхнаамалык тариздеги талдоо Н.А.Аристовдун эмгегинде жүргүзүлгөн. Аталган эмгек эки бөлүктөн туруп, өз учурунда «Усуни и кыргызы или кара-киргизы. Очерки быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии» [30] - деген ат менен жарык көргөнү белгилүү. Н.А. Аристовдун кыргыздар боюнча жазган фундаменталдуу эмгегинин 11-жана 12-баптарында XIX к. экинчи жарымындагы саясий окуяларга талдоо жүргүзүлгөн. Кыргызтаануу маселесине салым кошкон П.П.Семенов Н.А.Северцов, Ч.Ч.Валиханов, М.И.Венюков, В.В.Радлов, Г.С.Загряжский, А.Н.Краснов, Л.Ф.Костенко ж.б. орус саякатчылары, чыгыштаануучулардын жазган макалаларына, эмгектерине талдоо жүргүзүп, батыш Тянь-Шандын изилдениши, аталган аймактын Россияга каратылыш маселесине токтолуп кеткен. Батыш Тянь-Шанды изилдеген авторлордун эмгектерине баа берген автор, аталган аймак саякатчылар тарабынан гана изилденбестен, туристер, кызмат абалы боюнча келген адамдар, соодагерлер тарабынан да изилденгенин белгилейт. Бирок "алардын айрым баяндоолорунда, кабарларында, маалыматтарында илимий кызыкчылыкты жараткан фактылар кездешет..." [30, с.552] - деп баалап, кызыктуу фактыларды жазган. Ошол эле учурда айрым супсак материалдарды жазган авторлорго токтолуп кеткен.

XIX к. экинчи жарымындагы түштүк аймакта жашаган кыргыздардын саясий абалы В.Наливкиндин [120] эмгегинде изилденген. Эмгектин киришүү бөлүгүндө ал Фергана өрөөнү боюнча жазылган эмгектерге кыскача токтолуп өткөн. В.Наливкин аталган эмгегинде Кокон хандыгынын саясий турмушун толук чагылдырууга аракет жасаган. Хандыктын курамындагы кыргыздардын саясий күрөштөгү ролу боюнча конкреттүү фактыларды келтирет. Алсак, автор намангандык, чусттук, таластык кыргыздардын ортосунда тыгыз байланыш болгонун, алардын Таластагы Шералы жөнүндө кабардар экендигин белгилейт. Ошондуктан 1842-жылы Нүзүп бий баштаган кыргыздар Шералыны хан көтөрүү үчүн Таласка жөнөгөндүгү боюнча конкреттүү фактыларды жазат [120, с.146 ].

Белгилүү аскер-чыгыштаануучулар К.К.Абаза [24], А.И.Макшеев [112], М.А.Терентьев [167], М.И.Венюков [54 ] ж.б. тарабынан көлөмдүү эмгектер жарык көргөн. Бирок алардын эмгектеринде негизинен Орто Азиянын Россияга каратылыш маселеси чагылдырылып, кыргыздардын социалдык-экономикалык турмушу учкай гана берилген.

Демек, революцияга чейинки доордогу тарыхнаамада кыргызтаануу маселесине арналган эмгектерге өз алдынча тарыхнаамалык талдоо жүргүзүлгөн эмгектер жокко эсе. Мындай көрүнүш тарых илиминдеги тарыхнаама тармагынын XIX к. экинчи жарымында өз алдынча калыптана электиги менен түшүндүрүлөт.

***Советтик тарыхнаама.*** Советтик тарыхнаамада кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык абалын чагылдырган орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерине талдоо жүргүзгөн эмгектерди эки топко бөлүп кароо зарыл. Биринчи топко аннотациялык түрдө жазылып, библиографиялык көрсөткүч катары колдонулуп келе жаткан О.В.Маслова [224], З.Л.Амитин-Шапиронун [186], «История Казахстана. Дореволюционный период» [210] - аттуу эки томдук жыйнакты кошууга болот. Орус чыгыштаануучулардын Орто Азияны изилдөөдөгү ролу О. В. Маслованын эмгегинде каралып, автор 1715-1886-жылдар аралыгындагы экспедицияларды өзүнүн төрт бөлүктөн турган эмгегинде чагылдырган. Аталган эмгекте бул жылдар аралыгында жасалган экспедициялардын тизмеси, аталыштары, катышуучулар, алардын куралы, маршруттары жана натыйжалары изилденет.

Кыргыздардын XVIII к. экинчи жарымынан XX к. башына чейинки тарыхына арналып жарык көргөн орус тилиндеги эмгектердин аннотацияланган көрсөткүчтөрүн изилдеген авторлордун бири З.Л.Амитин-Шапиронун эмгеги болуп саналат. Аннотациялык көрсөткүчтө Кыргызстандын тарыхы, археологиясы, этнографиясы боюнча өз алдынча эмгек катары жарыяланган көлөмдүү эмгектен тарта, газета-журналдарда жарык көргөн макалаларга чейин аннотация жүргүзүлгөн. Аталган эмгектен орус тарыхнаамасында кыргыздардын XVIII-XIX

кк. тарыхы тууралуу жазылган тарыхый жана тарыхнаамалык булактар боюнча маалымат алууга болот. З. Л. Амитин-Шапиронун эмгеги хронологиялык, тематикалык тартипте түзүлүп, ар бир эмгектеги окуялардын тийиштүү беттери көрсөтүлүп, ар бир автор боюнча көрсөтмө иштелип чыккан. З. Л. Амитин-Шапиронун эмгегине кыргыздар боюнча жазылган айрым эмгектер кирбей калган. Бирок, ошого карабастан, автордун эмгеги советтик тарыхнаамадагы көп жылдык изилдөөнү талап кылган, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн актуалдуулугун жоготпогон обзордук, библиографиялык эмгек катары баалоого арзыйт. Автор белгилегендей, «материалды издөөдө жана тактоодо Орто Азия боюнча жазылган библиографиялык эмгектер колдонулган» [186,с.6]. Түркстантаануу тармагын изилдөөгө салым кошкон окумуштуулардын бири болуп белгилүү тарыхнаамачы Б. В. Лунин саналат. Ал – Түркстандагы коомдук уюмдар [219], революцияга чейинки Орто Азия тарыхын изилдөөчүлөр боюнча көлөмдүү тарыхнаамалык [222] тариздеги эмгек жараткан авторлордун бири. Б.В. Лунин «Средняя Азия в дореволюционном и советском востоковедении» [220] аттуу эмгегинде А. Кун, Н.А.Маев,В.В.Вельяминов-Зернов, В.В.Бартольд сыяктуу изилдөөчүлөрдүн автобиографиясын берип, алардын «түркстантаануу» багытына кошкон салымына токтолуп кеткен. Аталган авторлордун эмгектеринин кеңири библиографиясы берилет. Жыйынтыктап айтканда Б.В.Луниндин аталган эмгектеринде XIX к. экинчи жарымындагы орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү орус саякатчылары, чыгыштаануулардын түркстантаануу тармагынын жаралышы жана өнүгүшүндөгү орду көрсөтүлөт.

Советтик тарыхнаамада кыргызтаануу маселеси өз адынча илимий объект катары каралбагандыгын белгилеп өттүк. Ошого карабастан, XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы тарыхын изилдөөгө алган белгилүү окумуштуулар Б. Жамгырчинов [202], К. Үсөнбаев [238], А. Хасанов [239], В.М.Плоских [230], М.Т.Айтбаев [181], ж.б. эмгектеринде кыргыз элинин саясий, социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектери булакнаамалык база катары колдонулуп, алардын авторлору, эмгектери боюнча кыска мүнөздөгү талдоолор жүргүзүлгөн.

Орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселесин изилдеген изилдөөчүлөрдүн ролу, алардын эмгектеринде чагылдырылган маселелер Б. В. Луниндин жетекчилиги астында коллективдүү авторлор тарабынан жарык көргөн «Русские путешественники и исследователи о киргизах» [233] - аттуу эмгекте берилген. Аталган эмгек кыргыз элинин революцияга чейинки тарыхын, этнографиясын изилдеген орус чыгыштаануучулары, орус саякатчыларынын ролун көрсөтүүгө арналган. Хронологиялык иретте ар бир автордун эмгегинде сүрөттөлгөн тарыхый фактыларга токтолуп, жыйынтыктар чагылдырылган. Революцияга чейинки доордогу авторлордун эмгектери баалуу экендигин көрсөтүп: «айрым учурларда алардын эмгектери баяндоо формасында, кээде жеке мүнөздө, айрым учурда жалпы мүнөздө болгон»- деп белгилешет [233,с.74]. **Ч**ындыгында революцияга чейинки авторлор окуяны сүрөттөөдө белгилүү бир тарыхый методдорду колдонгон эмес.XIXк.Кыргызстандын саясий тарыхы белгилүү окумуштуу Б. Жамгырчиновдун эмгегинде [202] изилденет. XIX к. 50-70-жылдарындагы саясий абалды чагылдырган эмгек, 6 баптан туруп, XIX к. ортосундагы орус-кыргыз мамилелеринен тарта, Кокон хандыгы жоюлганга чейинки саясий окуяларды сүрөттөйт. XIX к. ортосундагы кыргыздардын абалына баа берген автор, советтик тарыхнаамадагы үстөмдүк кылган тарыхый концепциядан улам «кыргыздардын арасында өкүм сүргөн антагонисттик коомдук мамилелер, шексиз түрдө тап күрөшүнүн жаралышына алып келген...» [202, с.44] деп белгилейт. Автор белгилегендей, ички кагылышуулардын себептери жакшы жайыттарга, айдоо жерге жана малга ээ болуу болгон. Феодалдык-уруулук бай-манаптардын ролун таптык позициядан сүрөттөөдө советтик тарыхнаамадагы «тап күрөшүү коомду алдыга жылдыруучу күч» катары каралган позициядан автор алыстай алган эмес. Б. Жамгырчиновдун эмгеги тарыхнаамалык мүнөздө жазылган эмгек эмес, бирок XIX к. саясий абалды сүрөттөөдө орус тарыхнаамасынын

эмгектерин тарыхый булак катары колдонуу менен илимий айлампага жаңы фактыларды киргизген. Албетте, Б. Жамгырчиновдун эмгеги кыргыз тарыхнаамасында XIXк. тарыхын изилдөөгө алган ири эмгектердин бири экендиги талашсыз.Бирок, бүгүнкү тарыхый талап менен карасак, аталган эмгекте булакнаамалык жана тарыхнаамалык анализ берилген эмес.

Кыргыздардын XIX к. экинчи жарымындагы саясий, социалдык-экономикалык абалын изилдөө боюнча бир катар эмгектерди жараткан авторлордун бири – А. Хасанов А.Хасановдун эмгектери Кокон хандыгы доорундагы, Кыргызстандын Россияга каратылышы алдындагы кыргыздардын саясий-социалдык абалын изилдөөгө арналган.

Демек, советтик тарыхнаамада улуттардын арасындагы «достук», «түбөлүк достук», «интернационализм» позициясы үстөмдүк кылган көз караштан улам, советтик окумуштуулар тарабынан орус тарыхнаамасынын чыгыштаануу тармагынын «түркстан таануу», «кыргызтаануу» багыттары өз алдынча изилдөөгө алынган эмес.

***Постсоветтик доордун тарыхнаамасы.*** Эгемендүүлүктүн шарапаты менен постсоветтик доордун тарыхнаамасында кыргыз элинин XVIII-XIXк.тарыхын чагылдырган тарыхый булактарга баа берүү, айрым фактыларга толуктоо киргизүү, аталган доордогу инсан таануу маселесин изилдөө жана кыргызтаануу маселесине байланышкан илимий маселелерди изилдөө иштери башталып, бул багытта айрым эмгектер жарык көрдү. Постсоветтик доордогу жарык көргөн эмгектерди өзүнүн багыты боюнча төмөнкү эки топко бөлүп кароого болот: а) Чыгыштаануучулардын эмгектерине тарыхнаамалык багыттагы анализ жүргүзгөн изилдөөлөр; б) XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык абалын тарыхый багытта изилдеген авторлор. Биринчи топтогу изилдөөлөргө кыргыз тарыхчылары С. Аттокуров[188], Ж. Алымбаев[185], Ж. Жакыпбековдордун [203, 204,205 ] эмгектерин кошууга болот.

Постсоветтик доордо жарык көргөн эмгектердин ичинен XVIII-XXк. башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушу Ж. Алымбаевдин эмгегинде чагылдырылат. Тарыхнаамалык таризде XVIII-XX к. башында кыргызтаануу маселесин изилдеген орус тарыхнаамасындагы кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар, Кокон хандыгынын доорундагы кыргыздардын коомдук-саясий турмушу жана XIX к. 50-70-жылдарындагы Кыргызстандын саясий өнүгүүсү сыяктуу маселелер каралган. XVIII-XX к. башындагы кыргыздардын коомдук-саясий турмушунун орус тарыхнаамасында чагылдырылышын изилдеген автор, орус тарыхнаамасында кыргыздардын тарыхынын изилденишин төмөнкүдөй үч этапка бөлүп кароону сунуштаган: 1-этап: XVIII к. экинчи жарымы XIX к. башы, кыргыздар туурасындагы материалдардын топтолушу, 2-этап: XIX к. башынан – XIX к. 60-жылдарына чейинки мезгил. Кыргыздар туурасында системалык изилдөөнүн башталышы. 3-этап: XIX к. 60-жылдарынан – XX к. башына чейинки мезгил. Түркстан крайынын жана кыргыздардын тарыхын изилдөөнүн башталышы [185, с.55 ].

XVIII-XX к. башындагы орус авторлорунун эмгектерине тарыхнаамалык анализ жасоого аракет жасаган Ж.Алымбаев авторлордун көз караштары, профессионалдык билими, социалдык теги боюнча орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүн; чыгыштаануучу-изилдөөчүлөр, аскер-чыгыштаануучулар, орус саякатчылары деп бөлүүнү сунуштайт. Белгилей кетчү нерсе, илимий изилдөөбүздө ушул Ж. Алымбаев тарабынан сунушталган классификацияны колдонууга аракет жасалды. Белгилүү окумуштуу С. Аттокуровдун эмгегинде [185, с.47-53] болсо, XVIII-XIX кк. орус чыгыштаануучулардын эмгектерине жана алардын биографиясын изилдөөгө аракет жасалат. С. Аттокуровдун эмгегинен кыргыз этнографиясын изилдешкен М.И.Венюков, Г.С.Загряжский,Н.А.Аристов ж.б. орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү боюнча маалымат алууга болот.

Постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасына олуттуу салым кошкон окумуштуулардын бири Ж. Жакыпбеков болуп саналат. Автор XIX к. Кыргызстандын тарыхнаамалык маселелерине карата бир катар эмгектерди гана жаратбастан кандидаттык

жана докторлук илимий иштерин ийгиликтүү коргогон. Албетте, окумуштуу XIX к. орус чыгыштаануучулардын эмгектери менен жакындан таанышып, илимий изилдөө иштеринде тарыхый булактык максатта колдонбойт. Бирок Ж. Жакыпбековдун илимий изилдөө объектиси XIX-XX к. башындагы орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектери эмес, көрсөтүлгөн доордо изилдөө жүргүзгөн советтик-кыргыз окумуштууларынын эмгектери болуп саналат. Кыргызстандын Россияга каратылышы, 1916-ж. улуттук-боштондук күрөш, 1875-1876-жж. элдик көтөрүлүштөр ж.б. саясий окуяларды изилдөөгө алышкан Б.Жамгырчинов, А.Хасанов, К.Үсөнбаев, В.М.Плоских, С.Ильясов, И.А. Сапелкин ж.б. ушул сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине терең тарыхнаамалык анализ жасоого жетишкен. Окумуштуу Ж. Жакыпбековдун тарыхнаамалык таризде жазылган эмгектерин өз алдынча иликтөөгө алып изилдөө келечектин иши деген ойдобуз.

Экинчи топтогу изилдөөчүлөрдүн катарына Т.Кененсариев, Т.Өмүрбеков, Б.М.Жумабаев, Ч.Турдалиева ж.б. эмгектерин кошууга болот. XIX к. кыргыз элинин саясий тарыхын изилдөөгө салым кошкон окумуштуулардын бири –Т. Кененсариев. Окумуштуунун калемине Кыргызстандын Россияга каратылышы, Россия империясынын экономикалык саясаты, 1873-1876-жж. элдик-боштондук көтөрүлүштөргө [213, 214, 215] арналган тарыхый таризде жазылган көлөмдүү монографиялык эмгектер таандык. Т. Кененсариев көрсөтүлгөн эмгектеринин тарыхнаамалык бөлүктөрүндө кыргыздардын саясий турмушун изилдеген революцияга чейинки орус авторлорунун эмгектерине тарыхнаамалык анализ жүргүзгөн.

XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы Түштүк Кыргызстандын аймагына келген орус саякатчылары жөнүндөгү маселе Б. М. Жумабаевдин эмгегинде [206 ] изилденген. Автор аталган эмгегинде XIX к. экинчи жарымында түштүк Кыргызстандын аймагына саякат жасаган орус саясактчыларынын эмгектерине кеңири токтолуп өткөн. Каралып жаткан доордогу кыргызтаануу маселесин изилдеп келе жаткан окумуштуулардын катарына Ч.Турдалиеванын эмгектерин [236, 237] кошууга болот. Окумуштуу XIX к. экинчи жарымындагы кыргыздардын тарыхын изилдеген батыш жана орус окумуштууларынын кыргыздардын этногенезине, этноэкономикасына арналган жана Элла Сайкс, Леди Макартнинин кыргыздардын маданиятын чагылдырган эмгектерине кеңири талдоо жүргүзөт. Ал эми Ч.Ч.Валихановдун изилдөөсүнө арналган эмгегинде болсо, казак окумуштуусунун кыргыздардын келип чыгышын, уруулук түзүлүшүн, чарбасын, материалдык жана руханий маданиятын сүрөттөгөн эмгектерин комплекстүү түрдө изилдөөгө алган. Ч. Турдалиева башка окумуштуулардан айырмаланып, кыргызтаануу маселесин изилдеген батыш жана орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерин салыштырып, илимий баа берүүгө аракет жасап келүүдө.

Кыргызтаануу маселеси боюнча революцияга чейинки, советтик, постсоветтик доорлордогу жарык көргөн эмгектерге карата жасалган тарыхнаамалык анализден төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот:

- XIX к. экинчи жарымынан тарта орус тарыхнаамасында жаралган кыргызтаануу тармагы боюнча обзордук, библиографиялык, тарыхый жана тарыхнаамалык мүнөздөгү эмгектер изилденип жарыяланган.
- Революцияга чейинки доордогу эмгектер обзордук, библиографиялык мүнөздө болсо, советтик доордогу эмгектерде (Б. Жамгырчинов, А. Хасанов, В.М. Плоских, С. Ильясов, А.И. Сапелкин, К.Үсөнбаев ж.б.) «кыргызтаануу» термини колдонулбаганы менен (саясий конъюктурага жараша) орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерин көпчүлүк учурда булакнаамалык максатта кеңири колдонулган.
- Постсоветтик доордогу тарыхнаамада болсо, Орто Азиянын тарыхын изилдеген чыгыштаануу тармагынан «түркстантаануу», «кыргызтаануу» тармагын өз алдынча илимий объект катары изилдөө аракеттери башталганын белгилеп кетүү абзел. Ошого карабастан

кыргызтаануу маселеси өз алдынча ушул күнгө чейин изилдөөгө алына элек экендигин баса белгилейбиз.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы**. XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы. Анткени бул мезгил кыргызтаануу маселесинин жаралуу жана өнүгүү дооруна туура келет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө автордун жекече илимий планына байланыштуу.

**Изилдөөнүн объектиси**. XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселесин чагылдырган авторлордун эмгектери.

**Изилдөөнүн предмети.** Орус тарыхнаамасындагы кыргыздардын саясий абалы, социалдык-экономикалык турмушу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык эмгектин негизги максаты XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселесиндеги кыргыздардын саясий абалын, социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган эмгектерге тарыхнаамалык анализ жүргүзүү. Коюлган максаттын чегинде төмөнкүдөй **милдеттер коюлат:**

- кыргыз таануу маселесинин жаралышынын тарыхый шарттарын иликтөө;
- орус тарыхнаамасындагы кыргыздар туурасындагы алгачкы тарыхый маалыматтарга баа берүү;
- кыргыздардын коомдук-саясий абалын чагылдырган эмгектерге анализ жүргүзүү;
- кыргыздардын социалдык-экономикалык абалын сүрөттөгөн эмгектерге талдоо жүргүзүү;
- кыргыздардын чарбалык жана соода мамилелерин изилдеген эмгектерге анализ жүргүзүү.

**Изилдөөнүн булактык базасы.** Илимий маселенин хронологиялык алкагына жана тарыхнаамалык багытына байланыштуу изилдөөдө колдонулган тарыхый булактарды өзүнүн мазмунуна, маалыматтуулугуна жараша бир канча топко бөлүп карооо болот.

Биринчи топтогу тарыхый булактарга колониалдык доордогу отчетторду кошууга болот. Колониалдык доордо генерал-губернатор, аскер-губернаторлору тарабынан отчеттор даярдалып, жарыяланган. Маанилүү отчеттордун бири – Түркстан крайын 1867-1888-жылдары башкарган К.П.Кауфман тарабынан түзүлгөн «Проект всеподданнейшего.....» отчету. К. П. Кауфмандын аталган отчету [3] «Народонаселение туркестанского генерал-губернаторства», «Административное устройство края», «Колонизация края», «О положении землевладения в областях Туркестанкского генерал-губернаторства», «Экономическое положение», «Финансовое и податное устройства генерал-губернаторства», «Пути сообщения и работы строительные», аттуу 8 бөлүмдөн туруп, ар бир облустагы 14 жыл ичиндеги аткарылган иштерге анализ берилген. Отчеттон Фергана жана Жети-Суу облустары боюнча алардын социаладык-экономикалык абалы, калкы боюнча конкреттүү материалдарды алууга болот.

Мындан сырткары К.К.Пален [16,17,18], Ф.Гирс [2] тарабынан түзүлгөн отчеттордо кыргыздарга байланыштуу айрым финансы, чарба иштери боюнча материалдарды алууга болот.

*Экинчи топтогу тарыхый* булактардын катарына учурунда аскер губернаторлорунун отчетторуна тиркеме кылып жарыялаган Фергана жана Жети-Суу облустары боюнча түзүлгөн «Обзор Ферганской области»[12] «Обзор Семиреченской области» [13] жана «Статистический обзор Ферганской области», «Статистический обзор Семиреченской области» [22] аттуу өз алдынча жарык көргөн басылмаларды кошууга болот. «Обзорлордо» ар бир облустун административдик түзүлүшү, калкы, финансы салык абалы, салык төлөмдөрү, чарбалык, соода, иштери боюнча маалыматтар жарыяланып турган.

*Үчүнчү топтогу* тарыхый булактардын катарына колониалдык доордо түзүлгөн «жыйнактар» кирет. Алсак, К. П. Кауфмандын көрсөтмөсү менен Түркстан крайында 10 жыл кызмат аткарган белгилүү чыгыштаануучу А.П.Хорошхиндин [20] эмгектери өз алдынча жыйнак болуп басылган. Кыргыздарга тиешелүү болгон, автордун «От Ташкента до Токмака», «От Ташкента до Коканда», «Отрывки из дневника в Коканд», «Очерки Семиречья», «Народы Средней Азии» аттуу макалаларында кыргыздардын социалдык-экономикалык абалын сүрөттөгөн материалдар басылган. Маселен, «От Ташкента до Токмака» аттуу макаласында автор «кыргыз» аталышынын келип чыгышы, сарттар менен болгон тилдик окшоштугу, кыргыздардын салттуу кийимдери туурасында маалымат берет. «Айрым кыргыздар дайыма эле көчүп жүрүшүп, аскер иши менен алектенишкен эмес, айрымдары, мурунтан эле, тактап айтканда, таластык саруу, кушчулар дыйканчылык кылышкан» [20, с.22 ]- деп эскерген. Ошол эле учурда автор кыргыздардын чарбасы туурасында кызыктуу материалдарды жазып калтырган.

1870-жылы Түркстан крайында түзүлгөн статистикалык комитет тарабынан ар кыл темада жазылган материалдар топтоштурулуп, «Материалы для статистики Туркестанского края. Ежегодник» [9] атуу жыйнак басылып чыккан. Аталган жыйнакта кыргыздарга байланыштуу Н.Маев, А.П.Хорошхин, Г.Загряжский ж.б. кызыктуу макалалары жарык көргөн. Жыйнактагы авторлордун көпчүлүгү Кыргызстандын аймагында болушуп, тарыхый маалыматтарды өздөрү чогултууга үлгүрүшкөн.

Жыйнактардын маанилүү бөлүгүн 591томдон турган «Туркестанский сборник» [23] аттуу И.В.Межовдун жыйнагы түзөт. “Түркстан жыйнагын” түзүү демилгеси Түркстандын биринчи генерал-губернатору К.П.Кауфманга таандык. Каржылоо маселеси генерал-губернаторлук тараптан болоорун белгилеп, 1868-жылы К.П.Кауфман 1851-жылдан бери Санкт-Петербург шаарынын элдик китепканасында иштеп келе жаткан белгилүү библиограф И. В. Межовго кайрылып, Орто Азиянын тарыхын чагылдырган өз алдынча жыйнак түзүүнү сунуштайт. К.П.Кауфман менен И. Межовдун ортосунда келишим түзүлүп, И.В.Межов 1868-жылдан тартып Санкт-Петербург шаарында материал чогултуунун үстүндө иштей баштаган. Орус тилинде жарык көргөн гезит-журналдар, чакан китепчелерди иргеп, тематикасы боюнча хронологиялык тартипке келтирип, жаңы барактарга желимдеп жабыштырып, аларды көктөп, өз алдынча китеп кылып түзө баштаган. “Түркстан жыйнагынын” негизги тарыхый булактары орус тилиндеги “Военный сборник”,“Вестник Европы”, “Русский Вестник”, “Исторический Вестник”, “Живая Старина”, “Голос”, “Биржевые ведомости” ж.б. көптөгөн гезит журналдарда жарык көргөн материалдар болгон. Мындан сырткары, Орус географиялык коому тарабынан басылган «Записки РГО», «Вестник РГО», «Известия РГО» сыяктуу басылмаларда жарыяланган орус саякатчыларынын, чыгыштаануучулардын ар кыл темага арналып жазылган эмгектери “Түркстан жыйнагында” басылган.

И.В. Межов 20 жылдык эмгегинин натыйжасында 1867-1887-жылдары 416 томду даярдоого жетишкен. К. П. Кауфмандын тушунда 250 тому даярдалса, М. Г. Черняев, Н. О. Розенбахтардын мезгилинде 1888-жылга чейин 166 томдугу даярдалып, бирок жыйнактын үстүндө иштөө убактылуу токтотулуп калган. И.В.Межов тарабынан даярдалган 416 томдук жыйнак 4713 кө жакын ар түрдүү макалаларды өз ичине камтыган. К.П.Кауфмандан соң генерал-губернаторлук кызматка дайындалган М. Г. Черняевдин (1882–1884) мезгилинде бул иш улантылганы менен М.Г.Черняев К.П. Кауфман тарабынан жасалган иштерге тескери мамиле жасаган. И.В.Межов каза болгон соң, «Түркстан жыйнагынын» үстүндө иштөө 1907-жылдан кайрадан улантыла баштайт. 1911-жылы ”Жыйнакты” түзүүчүлөрдүн активдүү катышуучусу Н.В.Дмитриевский өлгөн соң, бул ишти улантуу белгилүү чыгыштаануучу А. А. Семеновго жүктөлөт. Натыйжада, 1907-жылы 34 тому, 1908-жылы 45 тому, 1909-жылы 44 тому даярдалат. Тактап айтканда, 1907-1916-жылдар аралыгында А.А.Семеновдун жетекчилиги астында 175 том даярдалып жарык көргөн. Акыркы томдор Ташкент шаарында

даярдалып, гезиттик журналдык гана материалдар, жергиликтүү авторлордун эмгектери киргизилген, “айрым чоң басылмалар жыйнакка” киргизилген эмес [11, с.150]. “Түркстан жыйнагынан” илимий иште каралып жаткан кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык абалы, чарбалык, соода маселелерин чагылдырган орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн чакан билдирүүсүнөн тарта көлөмдүү өз алдынча жарык көргөн эмгектери топтолгон. “Чакан китепкана” деп атоого арзырлык тарыхый булактын толук электрондук версиясы менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасынан колдонууга мүмкүнчүлүк алынды.

*Тарыхый булактардын төртүнчү тобуна* мезгилдүү басма сөз органдарын кошууга болот. Өз учурунда РГО (Орус географиялык коомунун) басылма органдары болгон «Известия РГО», «Вестник РГО», «Записки РГО» аттуу сериялуу басылмаларда орус саякатчыларынын, чыгыштаануучулардын көптөгөн эскерүүлөрү, күндөлүк жазмалары, очерктери, макалалары жарык көргөн. Аталган басылмалардагы эмгектер кыргыздар боюнча «обзордук» жанрда жазылып, анын авторлору кыргыз турмушунун бардык чөйрөсүнөн маалымат берүүгө аракет жасашкан. Анткени РГО тарабынан каржыланган орус саякатчыларынын түпкү максаты империялык көрсөтмөнү аткаруу болгон.

Кыргызтаануу маселесин чагылдырган басма сөз органдарынын бири болуп «Туркестанские ведомости» газетасы саналат. 1870-жылдан баштап жарык көрө баштаган газета аскер министрлигинин көрсөтмөсү менен генерал-губернатордун басма сөз органы катары уюштурулган. Архивдик материалдар тастыктап тургандай, “Туркестанские ведомости” гезитинин негизги милдеттери: “Түркстанга байланыштуу өкмөттүк жана административдик буйруктарды, крайдын өнүгүшүнө таасирин тийгизген илимий макалаларды жарыялоо болгон” [243, с.150]. Жалпысынан 1870-жылдан 1917-жылга чейинки аралыкта 6406 номери жарык көрүп, Түркстандын экономикасы, географиясы, тарыхы боюнча кызыктуу материалдар жарыяланып турган. Гезит беттеринде Түркстан крайындагы болуп жаткан күнүмдүк окуялардан тартып, бул аймакта жашаган элдердин саясий, социалдык-экономикалык, маданий турмушун чагылдырган ар түрдүү маанайдагы материалдар жарыяланган. Гезитке Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясы тарабынан көзөмөл жүргүзүлүп, өкмөттүн саясатына шайкеш келген макалалар гана жарык көргөн. Ошондуктан, гезит бетинде тарыхый, этнографиялык, фольклордук багыттагы макалалар басымдуу болгон. Газета бетинен кыргызтаануу маселесин изилдешкен В. Наливкин, А. П. Хорошхин, Н. Н. Пантусов, Г. С. Загряжский ж.б. чыгыштаануучулардын кызыктуу макалаларын табууга болот.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий объективтүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түздү. Өзгөчө орус саякатчыларынын, чыгыштаанучуулардын эмгектерине талдоо жүргүзүүдө социалдык принциптер колдонулду. Илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык, проблемалык-хронологиялык методдор колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Кыргызтаануу боюнча каралып жаткан доордо жазылган эмгектер Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарых адистиги бөлүмдөрүндө “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасы”, “Кыргызстандын тарыхынын булактары” предметтери боюнча лекциялык материалдарга тарыхый, тарыхнаамалык булак катары колдонууга мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы .**

- Постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында кыргызтаануу маселесинин илимий изилдөө объектиси катары кароого коюлушу;

- Кыргызтаануу маселесине Түркстантаануу тармагынын бир бөлүгү катары өз алдынча илимий объект катары кароого аракет жасалгандыгы;
- Кыргызтаануу маселесин изилдеген авторлордун эмгектерин тарыхнаамалык-тарыхый булак катары кароо маселеси биринчи ирет коюлуп жатат.

**Коргоого алып чыгуучу жоболор:**

1. XIX к. экинчи жарымы XX к. башында орус тарыхнаамасында кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык абалын чагылдырган өзүнүн мазмуну, жанры, баяндоо формасы боюнча айырмаланган эмгектер жарыяланган.
2. Орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү кыргыздар тууралсындагы маалыматты автордун түздөн-түз катышуусу, кыйыр түрдө катышуусу, узактан туруп сурамжылоо жолдору аркылуу топтошуп, жарыялашкан.
3. Каралып жаткан доордогу авторлордун эмгектерин колдонууда алардын социалдык тегин, билимин, көз карашын эске алуу менен тийиштүү жыйынтыктарды чыгаруу талап кылынат.
4. Орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектериндеги сүрөттөлгөн тарыхый окуялардын аныктыгын, маалымдуулугун баалоодо, ар бир автордун жергиликтүү элдин тилин билүү маселеси негизги орунда турарын белгилеп кетүү зарыл.
5. 50 жылдан ашуун аралыкта орус чыгыштаануусунда Орто Азия элдеринин тарыхын чагылдырган «Түркстантаануу» тармагы гана эмес, кыргызтаануу тармагы илимий изилдөө объекти катары жаралгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Кыргызтаануу багыты: а) илимий, б) практикалык, в) илимий-крайтаануучулук багытта өнүккөндүгүн белгилеп кетүү керек.
6. Каралып жаткан доордогу кыргызтаануу маселесине арналып жарыяланган эмгектерди тарыхый булак эле эмес, тарыхнаамалык-тарыхый булак катары колдонуу зарылдыгын белгилөө абзел.
7. XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы эмгектерди колдонууда ар бир автордун көз карашына колониалдык доордогу расмий өкүм сүргөн империялык көз караштын таасири болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

**Диссертациялык иштин жыйынтыгынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык жана илимий-практикалык конференцияларда апробацияланды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Изилдөө процессинин натыйжасында автор тарабынан «Түркстан жыйнагы»,«Туркестанские ведомости» газетасындагы кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык турмушуна арналган тарыхнаамалык булактарды илимий айлампага киргизүүгө аракет жасалды.

**Эмгектин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 3 баптан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Кыргызтаануу маселесинин жаралышынын тарыхый өбөлгөлөрү”** деп аталган бап Түркстан крайында түзүлгөн коомдук уюмдарга, илимий мекемелерге жана орус тарыхнаамасындагы кыргыздар тууралсындагы алгачкы маалыматтарга талдоо жүргүзүүгө арналган**.** Чыгышты изилдөө Петр I доорунда эле башталып, XVIII к. орус мамлекетинин геосаясатынан улам чыгышка карай умтулуу күчөй баштаган. Натыйжада, орус коомчулугунда Орто Азия элдеринин географиялык абалы, саясий, социалдык-экономикалык түзүлүшү, тарыхы тууралуу маалыматтарды топтоо зарылдыгы актуалдуу маселелердин бирине айлана баштаган. Россия империясынын борбордук ири окуу жайларында чыгыштаануу бөлүмдөрү ачылып, перс, түрк тилдери окутулуп, келечектеги чышыштаануучу адистерди даярдоо башталган. Алсак, Казань, Петербург, Москва университеттери чыштаануучуларды даярдоонун башкы борборуна айланган. Ал эми 1818-жылы Россия Илимдер Академиясынын алдындагы Азия музейинде чыгыш элдерине таандык болгон

тарыхый кол жазмалар топтоло баштайт. Аскердик окуу жайлардын катарына 1820-жылы Тышкы иштер министирлигин алдында түзүлгөн Азия департаментин кошууга болот. Азия департаментинин уюштурулушу менен Орто Азияга "илимий" деп аталган экспедициялар даярдалып, келечекте алар саясий маанидеги социалдык буйруктарды аткарууга киришкен. 1824-жылы Александрр I буйругу менен Оренбург шаарында Неклюев аскер-училищеси, 1832-жылы болсо Императордук аскер Академиясы түзүлгөн. Аталган окуу жайлардын базасында келечектеги чыгыштаануучу аскер адамдары даярдалган. Ал эми 1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү менен орус чыгыштаанусунун бир багыты катары "түркстантаануу" калыптана баштаган. "Түркстантаануунун" ичинде "кыргызтаануу" багытынын жаралышына, өнүгүшүндө Түркстан крайында түзүлгөн бир катар коомдук уюмдар, илимий мекемелер чоң роль ойношкон. 1867-1917-жылдар аралыгында (жарым кылымга жакын) Түркстан крайынын бардык тармактарын чагылдырып изилдеген жаңы илимий багыт жаралган.

Демек, кыргызтаануу маселесин изилдеп жатып түркстантаанууну же болбосо кыргызтантаануну өз алдынча бөлүп кароого болбойт. Кыргызтаануу маселесинин жаралышына жана өнүгүшүнө Түркстан крайында түзүлгөн коомдордун, илимий мекемелердин салымы чоң экендигин белгилеп кетүү керек. Түркстан крайын изилдөөгө ири салым кошкон мекеменин бири болуп 1845-жылы түзүлгөн Орус географиялык коому саналат. Коом өзүнүн 50 жылдык тарыхында Орто Азия аймагына ири экспедицияларды уюштуруп, аларды каржылап, изилдөө иштерин жүргүзүп, илимий эмгектерди, отчетторду, өзүнүн басылмаларында жарыялап, жалпы эле түркстантаануунун өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Орус географиялык коомунун басмасөз органдары болгон "Записки РГО", "Вестник РГО", "Известия РГО", "Известия императорского РГО" сыяктуу өзүнүн атайын басылмаларында илимий макалалар, экспедициянын отчеттору, билдирүүлөр басылып турган. Орус географиялык коомуна чоң каражат бөлүнүп берилген. Алгач, 1856-1869-жылдар аралыгында крайды картага түшүрүү иштери жүргүзүлүп, Орто Азиянын флорасы, фаунасы жана геологиясы жөнүндө маалыматтар чогултулган. Орусиянын көрүнүктүү окумуштуулары В. Бартольд, Н. Веселовский, М. Мушкетов, Н. Северцов, П. Семенов-Тянь-Шанский, А. Федченко, И.Краснов, В.Ошанин, В.Радлов, сыяктуу географ, геолог, чыгыштаануучулар Түркстан крайын ар тараптан изилдөө иштерин жүргүзө баштаган. Аталган саякатчылардын көпчүлүгү Кыргызстандын аймагына саякат жасашканы белгилүү. Бул окумуштуулардын Түркстанда илимди өнүктүрүү, географиясы, статистикасы, экономикасына тиешелүү маалыматтарды топтоо менен жергиликтүү калктын тарыхын, географиясын ж.б. тармактарын чагылдырган материалдарды жарыялашкан. Аталган окумуштуулардын демилгеси менен Түркстан аймагында маданий-агартуучу жана илимий борборлор түзүлө баштаган. Түркстантаануу багытын өнүктүрүүгө ири салым кошкон илимий мекмелердин бири болуп 1868-жылы түзүлгөн Түркстан статистикалык комитети саналат. 1887-жылдан баштап комитеттин облустук бөлүмдөрү ачылып иштей баштаган. Статистикалык комитеттин сунушу менен 1870-жылдан тарта Ташкент шаарында "Туркестанские ведомости" газетасы чыга баштаган. Комитет тарабынан топтолгон маалыматтар мезгил-мезгили менен комитет тарабынан уюштурулган "Русский Туркестан" [19], "Материалы по статистике Туркестанского края. Ежегодник" [9] атуу басылмалар жарык көрө баштаган.

Кыргызстандын жаратылыш шартын изилдөөгө салым кошкон илимий мекемелердин катарына 1870-жылы Ташкент шаарында түзүлгөн эң алгачкы илимий коомдун бири - Табият *т*аануучулар, антропология жана этнографияны сүйүүчүлөр коомунун Түркстан бөлүмүн кошууга болот. Бул коом Х. Батыршин, М. Бродовский, Г. Загряжский, Н. Маев, Д. Мышенков, А. Федченко, А. Фетисов ж.б. демилгеси менен түзүлгөн. Тарыхый изилдөөлөргө шарт түзгөн илимий коомдор кеңейе баштаган. Б. В. Лунииндин изилдөөсү боюнча

революцияга чейинки мезгилде Түркстанда 15 жакын ар кандай илимий коомдор түзүлүп иштеп турган.Илимий коомдор маданий, агартуучулук, изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Коомдордун жардамы менен музейлер, китепканалар түзүлүп, көргөзмө иштери уюштурулуп, жергиликтүү гезит-журналдар басылып чыгарыла баштаган.

XVIIIк.экинчи жарымынан тарта, Россия империясынын геосаясий кызыкчылыктарынан улам, Орто Азия элдерине (анын ичинде кыргыздарга) кызыгуу күчөй баштаган. Россия империясы соода мамилелерди кеңейтүү менен катар эле, ар кыл максаттагы экспедицияларды, аскердик жана элчилик миссияларды уюштура баштаган.Тянь-Шандык кыргыздар туурасында маалыматты ПетрІнин Жунгар хандыгына жиберген өкүлү, капитан Иван Унковскийдин күндөлүгүнөн алууга болот[169]. Илимий чөйрөгө кыргыздар туурасындагы алгачкы маалыматты сунган авторлордун бири В.Н.Татищев жана П.И.Рычков болгон. Эки автордун кыргыздар туурасында берген маалыматы бири-бирине үндөш. Алсак В. Н. Татищев: «Алатай (Ала-Тоо) кыргыздары–көчмөн жана күчтүү эл, Ташкенттин ары жагында, чоң казак ордосунан 5-6 күндүк узакта турушат, Ходжант (Ходжент) Наимачин (Наманган)жана Мадшаландын (Маргалан) сейрек жүрүүчү жана таштуу тоолорунда жашашат[166, с.283]... - деп эскерет. Автордун андан ары берген маалыматында кыргыздардын жарымы Жунгар хандыгынын кол алдында, жарымы 30000 аскери менен аларга каршы турушарын белгилейт
[166, с.283].Белгилей кетчү көрүнүш В.Н.Татищев менен П.И.Рычковдун эмгегинен «дикокаменные киргизы» деген терминди кездештирүүгө болбойт.Кыргыздар туурасындагы маалыматтардыП.И.Рычков[145],Ф.Ефремов[75], Ф.Назаров[119], М.Поспелов жана С.Бурнашевдинжол[139] күндөлүктөрүндө, эскерүүлөрүндө баяндалат. Алсак, саякаттан кайткан Ф.Назаров Г.И. Глазенапка жазган рапортунда, Ала-Тоонун тоолорунда «жолдон өткөн караванга тоскоолдук жаратып, чыгым келтиришкен кара кыргыздар жашайт»[229,с.43 ] -деген маалыматты жазып калтарган. Автор «закаменные киргисцы»-деген терминди колдонуп кеткен.

XVIII к. акыркы чейрегиндеги тяншандык кыргыздардын ички абалы, коңшу мамлекеттер менен болгон мамилеси ж.б. маселелер И. Г. Андреевдин эмгегинде чагылдырылат[29]. И. Г. Андреев эмгегинде кыргыздар туурасында үч төмөнкү жагдайга токтолгон: а) Кыргыз-кайсак аталыштары, алардын ортосундагы байланыш;б) кыргыздардын коомдук түзүлүшү; в) орус-кыргыз мамилелеринин башталышы.И.Г. Андреевдин берген маалыматына таянсак, кыргыздар деген ат менен үч эл белгилүү: а) Кытай сепилинде жашаган байыркы кыргыздар;б) Калмактар тарабынан Кара-Тоого куулган жана Сибирь тарыхында «буруттар» деп аталган «жапайы», «кара», «кайраттуу» аталышындагы кыргыздар;в) Талаада жашаган кайсактар же казактар, көчүп жана адашып жүргөн кыргыздар[29, с.24]. И.Г.Андреевдин пикиринде казактар кыргыздардын «каардуулугу», «күчтүүлүгү» үчүн, аларга кооптуу, шектүү карашып «жапайы», тоо артындагы(закаменные) кыргыздар деп аташа башташкан. Д.Сапарлиевдин пикиринде И.Андреевке чейин эле 1771жылдан тарта Россиянын архивдик документтеринде «дикие киргизы»деген аталыштар жолуга баштаган.

Кыргыздар туурасындагы маалыматтар XIXк. биринчи жарымынан тарта Е.Ф.Тимковский[168],А.И.Левшин[107],И.Бичурин[38],Ф.К.Зибберштейн[208]ж.б.эмгектерин де чагылдырылган. Алсак**,** Ф.К.Зибберштейн өз күндөлүгүндө Ысык-Көл өрөөнүн географиялык абалы, кыргыз уруулары, алардын саны, кесиби жөнүндө жазып, дагы эле болсо урууларды ичинде өз ара арыздашуулар сакталып турганын белгилеп өтөт.

Демек, XIXк. экинчи жарымынан тарта Түркстанда түзүлгөн коомдук, илимий уюмдардын, мекемелердин, мезгилдүү басма сөз органдарын түзүлүшү кыргызтаануу маселелеринин жаралышына шарт түзгөн. Кыргыздар туурасындагы алгачкы маалыматтар орус тарыхнаамасында XVIII к. экинчи жарымынан тарта белгилүү боло баштап, алгачкы

эмгектер кыргыздар жашаган аймак, коңшу элдер менен болгон мамилеси, коомдук абалы, кыргыз этнониминин келип чыгышы туурасындагы маалыматтар сүрөттөлөт.

**“Кыргыздардын коомдук-саясий абалынын орус тарыхнаамасында чагылдырылышы”** деген экинчи бапта кыргыздардын саясий абалын, социалдык түзүлүшүн изилдеген орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерине талдоо жүргүзүлөт. Түндүк жана түштүк кыргыздардын саясий абалы боюнча алгачкы маалымат берген эмгек катары «Обозрение Кокандского ханства»[36] жана «Сведения о дикокаменных киргизах» [57] аттуу көлөмдүү макалаларды атоого болот. Акыркы макалада белгилүү урууларды атап, « ар бир урук жана уруу эл тарабынан шайланган манаптар аркылуу башкарылат»деп эскерилет [57,с.141]. Түндүк аймактагы кыргыз уруулары, саны, курамы, саясий абалы туурасындагы маселе И.А.Бардашев[33], Ч.Ч.Валихановдун[45.46],Н.А.Маведин[109,110] эмгектеринде сүрөттөлөт. Алсак, И.А.Бардашев “кыргыздар бир канча урууларга жана уруктарга бөлүнүшөт. Алардын негизгилери: бугу, сарыбагыш, солто ж.б. Ар бир урук жана уруу эл тарабынан шайланган манаптар тарабынан башкарылат” деп жазат”.[33,с.385]И.А. Бардашев берген маалымат боюнча, 1847-жылы Россиянын курамына кирүүгө каалоосун билдирген Ормон, Жантай, Жангарач манаптардын карамагында 40 000 түтүнгө жакын кыргыз, ал эми бугулардын манабы Боромбайдын карамагында 10 000 жакын түтүн жана 100 000 жылкы болгон[33,с.385].

XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздардын саясий абалын чагылдырган маалыматтарды 50-60-жылдары Кыргызстандын аймагына келген орус саякатчыларынын, айрым аскер адамдарынын жол күндөлүктөрүнөн, эскерүүлөрүнөн алууга болот. Кыргыздардын ички саясий абалын сүрөттөп жазган авторлордун катарына Ч.Ч.Валиханов[43,44,45,46],П.П.Семенов[157,158,159],Н.А.Северцов[152,153,154], А.Голубевдерди[70], чыгыштаануучулар В. Радлов[143], М.Венюков[51,52,53]ж.б.кошууга болот. Ч.Валиханов, Н.А.Северцовдун эмгектеринде сүрөттөлгөндөй XIXк. 50-70жж саясий абалды изилдөө ошол доордогу тарыхый абалга байланыштуу түндүк жана түштүк аймакта жашаган кыргыздардын ички турмушун, саясий абалын өз алдынча бөлүп кароо зарыл.Маселен, Н.А.Северцов кыргыздардын хандыка карата болгон мамилесин: «Түндүк жана түштүк кыргыздардын Коконго болгон мамилесинде айырмачылык бар. Биринчилердин байланышы жок жана мамлекеттик түзүлүшү бытыранды жана каршылаш. Ар бир урук ич ара бөлүнгөн алар да тез-тез каршылашып турушат[154,с.147 ] - деп эскерет. Ал эми Ч.Ч.Валиханов, Н.А.Северцов, П.П.Семенов, М.Венюков, Н.А.Аристов, Ф.Р.Остен-Сакен ж.б. авторлор түндүк аймактагы кыргыз урууларынын ортосунда ички келишпестик, чыр-чатак күчөп турганын белгилешет. Ал эми Кокон хандыгынын курамындагы кыргыздардын абалы, алардын хандыктын турмушундагы ролуна байланышкан материалдар В.В.Вельяминов-Зернов[48,49,50], Пантусов[131],Н.Петровений[132],А.П.Хорошхин[174],А.Кун[104,105], А.П.Федченко[171],В.Наливкин[120], сыяктуу авторлордун эмгектеринде сүрөттөлөт. Алсак, В. Вельяминов-Зернов 1845-жылда алайлык, оштук кыргыздардын көтөрүлүшү, «кыпчак кыргынындагы» кыргыздарды ролун баса көрсөтсө[48, с.17-18], Мурат хандын хан көтөрүлүшүнө, 1842-жылы Шералы хандын бийликке келишине Нүзүп миңбашы баштаган кыргыздардын ролу чоң болгондугун В. Наливкиндин эмгегинде сүрөттөлөт[120,с,146]. Жогорудагы авторлордун эмгектеринде Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар хандыктын саясий турмушуна башка көчмөн элдер сыяктуу эле активтүү катышып келишкени баса белгиленет.

Кыргызтаануу маселисин изилдөөдөгү көтөрүлгөн маселелердин бири кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү. Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө кайрылышкан орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү «ак сөөктөр», «букаралар» деген түшүнктөрдү колдонушуп, биринчи топко манаптар, байлар, бийлер, экинчи топко болсо, букараларды жэ болбосо социалдык жактан кедей адамдардын тобун кошуп келишкен.

Каралып жаткан доордо кыргыздардын социалдык иерархиясын чагылдырган орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн бир катар эмгектери жарыяланган. Алардын катарына И.*Воронин жанаТ.Ф. Нифантьев[57 ],* Ч.Ч.Валиханов*[43,44,45]*, Н.И.Гродеков*[73]*, Н. А. Северцов*[153 ]*, М. Венюков*[53]*,А.Талызин*[165]*,О.Шкапский*[175,176 ]*, Л.Костенко*[101],* Г.С. Загряжский*[77,79,80 ]* ж .б. эмгектерин кошууга болот. Манаптар маселесин сүрөттөгөн авторлордун бири Н.А.Северцов. Автордун пикири боюнча кыргыз коомчулугунда манаптар саясий жана экономикалык жактан чон манап, кичи манап жана чала манап болуп бөлүнүшкөн [153, с,100 ].Ал эми чыгыштаанучу Л. Костенко болсо, кыргыздардын эң жогорку башкаруучу катмары катары манаптарды көрсөтүп, "...жергиликтүү элдин айтуусу боюнча ар бир башкаруучуга зулумдук, өзүн өзү билемдик, каардуулук мүнөздүү... "[101,с.47]- деп белгилеп, «манап» терминин «тиран» деген сөздү жакындаштырат. Манап терминин келип чыгышы туурасындагы маселе, революцияга чейинки авторлордун эмгектеринде эле талкууга алына баштаган.

Бийлер карата болгон мүнөздөмө Г.Загряжскийдин эмгегинде сүрөттөлөт. "Ардактуу бий деген наамга, өзүнүн жүрүш-турушу, акылы, адилеттүүлүгү, чынчылдыгы менен айырмаланган эл арасындагы белгилүү адам татыктуу болгон, ошол эле учурда кыргыздардын салтын билген адам бий болгон [77, с,193] – деп белгилейт. Автордун пикири боюнча бий наамы мураскорлук болгон эмес, анткени "адамдын жүрүм-турум сапаттары муундан муунга өтүүчү көрүнүш эмес"[77, с.193 ]. Бий эл тарабынан шайланып, элдик салтка таянып, эки тараптын талаш маселелерин чечкен.

Орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектеринде белгиленгендей кыргыз коомунун калың катмарын букаралар түзүшкөн. Тигил же бул манаптын кол алдында болгон социалдык топту, кыргыздарда букара деп атап коюшкан Алар белгилүү бир манапка баш ийишип, өз алдынча чарба күтүшүп, эмгек кылышкан.

Букара катмары негизинен –жардылардан турган. Булардын арасына малайлар, жылкычылар, койчулар, малчылар, байкуштар, жакырлар, томаяктар кирген. Демек, орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн эмгектерине таянып, XIXк экинчи жарымындагы кыргыздардын социалдык стратификациясын аныктоого болот.Ошол эле учурда "стратификация" ыкмасын колдонуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө тарыхый таризде жаңыча баа берүү келечектеги милдеттердин бири деген ойдобуз.

**"Орус тарыхнаамасындагы кыргыздардын чарбалык, соода мамилелери"** деген үчүнчү бапта орус тарыхнаамасындагы кыргыздардын чарбалык турмушун, соода мамилелерин чагылдырган эмгектерге анализ жүргүзүлөт**.** XIX к. башында жарыяланган Ф. Назаров [119], Ф.К.Зибберштейн [208], В.П.Ковалевский [98] сыяктуу падышачылыктын Кыргызстандын аймагына келген өкүлдөрүнүн көлөмдүү макалаларында, эскерүүлөрүндө кыргыздардын чарбасы, соода мамилелери сүрөттөлөт. Алсак Түштүк Кыргыздардын чарбасы, соода мамилелери туурасында 1812-1813-жж. Кокон хандыгынын аймагын кыдырган Ф. Назаров «Анжыян Кашкар менен чектешип, айыл-кыштактар менен курчалган, ар кандай мөмө-жемиштерге бай, кошуна көчүп жүргөн кыргыздар менен соода жүргүзүшөт, алардан мал алышат» [119, с.45 ] деп белгилеп кеткен. Кыргыздардын чарбалык турмушу туурасындагы маалыматты XIX к. 40-50-жылдарында Жети-Суу жана Чыгыш Түркстан аймагына келген Е. П. Ковалевскийдин эскерүүсүндө көрүүгө болот. Автордун эмгеги күндөлүк формасында жазылып, саякаттоо учурунда көргөн, күбө болгон окуяларга токтолуу менен кыргыздар соода-сатык иштерин Кашгар, Россия аймактары менен жүргүзүп келишкендигин белгилеп өтөт.

Кыргыздардын мал чарбачылыгы XIX к. экинчи жарымында Кыргызстанга келген орус саякатчылары, аскер адамдары Ч.Ч.Валиханов, П.П.Семенов, М.Венюков, А. Голубев, Н.А.Северцовдордун эмгектеринде сүрөттөлгөн. Алсак, Кыргыздардын чарбачылыгы туурасында 1856-1857-жж. Нарын, Ысык-Көл аймактарына саякат жасаган П.П.Семенов

күндөлүгүндө кыргыздардын негизги кесиби мал чарбачылык экендигин белгилеп: «айрым байлардын 3000ге жакын жылкысы жана көп сандаган башка малдары бар» [159, с.176, 243, 244] экендигин белгилейт. 1858-жылы соода кербени менен Кашкарга сапар тартып бара жаткан Ч.Ч. Валиханов Ат башы, Арпа жана Нарын аймагында жашаган кыргыздардын турмушу менен жакындан таанышууга үлгүргөн. Аталган аймактагы кыргыздардын чарбасы тууралында: «Атбашы, Арпа жана Нарын өрөөнүндө арпа, таруу өндүрүлөт. Байыркы мезгилде эле бул жерлерде отурукташкан жана жарым отурукташкан калк жашаган. Ал эми Атбашынын төмөн жагында анча чоң эмес шаардын калдыгы бар. Нарындын өзүндө болсо, биз байыркы эгин айдоочулуктун калдыктарын көрдүк» [46, с.278] - деп эскерген.

Кыргыздардын мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы боюнча В.Наливкин [121,122], Г.С.Загряжскийдин [80] эл арасынан кызыктуу материалдарды топтошкон. Алсак, В. Наливкин Наманган уездинде жашаган кыргыздардын дыйканчылык кесибинин түрлөрү, эгинди өстүрүү, оруп жыйуу процессинде колдонулган ыкмаларга токтолуп кеткен. Ал эми Токмок уездинин начальниги кызматын аткарган Г.С.Заграяжский кыргыздардын малды асыроо, багуу, кыштоо анын шарты, жут маселесине кеңири токтолгон. Автор кыргыздар төрт түлүк малын (кой, эчки, жылкы, төө) багууда алар азыктана турган чөптөр, жайыт тандоого чоң маани бергендигин баса белгилеген.

Соода мамилелери боюнча бир катар кызыктуу материалдар Н.Маев [109, 110], Н.Пантусов [131], В. Каульбарс [94], В.П.Ковалевскийдин [98] калемине таандык. Жол күндөлүк иретинде жазылган макалалардын авторлору кыргыздар үчүн соода жүргүзүүдө Чыгыш Түркстандын шаарларынын ролу чоң экендигин белгилеп өтүшкөн. Ал эми, Аулие-Ата, Токмок жана Ысык-Көл уезддеринин тышкы соодасы тууралында 1869-ж. Тянь-Шань аймагына саякат жасаган А. В. Каульбарстын эмгегинде баяндалат.Автор, Аулие-Ата уездинин тышкы соодасы Кара-Буура аркылуу Наманган уезди менен жүргүзүлөт, 1869-ж. Аулие-Ата уезди аркылуу Наманган уездине 708,855 (руб) суммадагы 307, 887 баш кой сатылганын белгилейт. [98, с.450] Токмок, Пржевальск уезддерине караганда Аулие-Ата уездинде жашаган кыргыздардын наманганлык кыргыздар менен тышкы соода-сатык мамилеси жакшы өнүккөндүгүн тастыктайт. Ал эми XIX кылымдын 70-90-жж кыргыздардын чарбасына байланышкан маалыматтар отчеттордо, статистикалык жерге жайгаштыруу комитетинин атайын уюштурган экспедициялардын материалдарында чагылдырылган. Ал материалдардан XX к. башында Кыргызстандын аймагында ярмаркалар, соода пункттары жана магазиндер түзүлө баштаганын билүүгө болот.

## КОРУТУНДУ

Россия империясынын Орто Азияга карата болгон саясий-экономикалык кызыкчылыктарынан улам, падышачылык бул региондо жашаган калктар тууралында маалымат алууга кызыкдар болгон. Орус тарыхнаамасында кыргыздар тууралындагы алгачкы жарыяланган тарыхый маалыматтар XVIII к. экинчи жарымына туура келет. Кыргыз таануу маселесинин жаралыш башатында турушкан авторлордун катарына В. Н. Татищев, П. И. Рычков, Ф. Беневени, Ф. С. Ефремов, И. Т. Андреев ж.б. кошууга болот. Аталган авторлор түрдүү административтик, аскердик кызматтарды ээлешип, аны илимий иш менен айкалыштырып, кыргыздар тууралында алгачкы кыска маалымат берүүчү мүнөздөгү материалдарды өз эмгектеринде жарыялашкан. XVIII к. ортосунда Орто Азия боюнча кеңири маалыматты камтыган эмгектердин катарына П. И. Рычковдун эмгегин кошууга болот. Эмгектин жарыяланган убактысына карата, П. И. Рычковду илим чөйрөсүнө кыргыздар тууралында алгачкы маалыматты берген автор катары кароого болот.

Кыргыз таануу маселесинин системалык түрдөө изилдөөгө алынышы Россия империясынын тышкы саясатынын күчөшү жана РГО (Орус географиялык коомунун) түзүлүшү менен тыгыз байланыштуу. Алсак, XIX к. экинчи жарымынан тарта РГО тарабынан

берилген белгилүү бир социалдык милдеттерди аткаруу үчүн Кыргызстандын аймагына орус саякатчыларынын, падышанын өкүлдөрүнүн келиши активдеше баштаган. Натыйжада, кыргыздар жөнүндө баяндоо формасы, көлөмү, багыты боюнча айырмалаган изилдөөлөр жаралган. Аталган мүнөздөгү эмгектерге И.А.Бардашев, П.П.Семенов, Ч. Валиханов, И.Воронин, Т.Ф.Нифантьев, Д.Телятников, А.В.Безносиков, М.Венюков өңдүү авторлордун эмгектерин кошууга болот. Аталган авторлор Кыргызстандын аймагына котормочу, саякатчы, чалгындоочу, картограф, геодист ж.б. миссияны аткарууга жөнөтүлгөн падышачылыктын өкүлдөрү болушкан. Билими, профессиясы боюнча ар кыл кесиптин ээлери болушкан. Ошондуктан алардын изилдөөлөрүндө илимий аппарат, изилдөө ыкмасы, булактык база, баяндоо формасы сыяктуу илимий түшүнүктөр дайыма эле сакталган эмес. Аталган авторлордун билдирүүлөрү, командировкалык отчеттору, күндөлүктөрү, эл арасынан топтолгон материалдары обзордук мүнөздө болуп, мазмуну боюнча тарыхый-географиялык, этнографиялык багытта болгон.

1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшүн кыргызтаануу маселесинин өнүгүшүнүн жаңы этабы катары кароого болот. Генерал-губернаторлуктун түзүлүшү менен каратып алган аймактарды башкаруу үчүн жаңы административдик башкаруу системасы киргизилип, түзүлгөн облустарды социалдык-экономикалык жактан реформалоо иштери жүргүзүлө баштаган. Натыйжада, Түркстан крайында илимий изилдөө иштерин өнүктүрүү үчүн бир катар илимий кружоктор, коомдук уюмдар, мезгилдүү басма сөз органдары түзүлүп иштей баштаган. Кыргыздар туурасындагы материалдар Түркстан аймагында түзүлгөн коомдук уюмдардын басма органдарында, борбордук газета-журналдарда, өзгөчө “Туркестанские ведомости” сыяктуу газета бетинде жарыяланып турган. Орто Азиядагы (анын ичинде *Кыргызстандагы*) изилдөө иштеринин жетишкендиги катары 591 томдуу “Түркстан жыйнагынын” жарык көрүшүн айтса болот. Илимий жаңы багыт катары калыптана баштаган «Түркстантаануунун» бир бөлүгү катары «кыргызтаануу» багытын изилдөө иштери системалуу мүнөзгө ээ болгон.

Орус тарыхнаамасында кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган өзүнүн көлөмү, мазмуну илимий багыттары боюнча айырмаланган эмгектер жаралган. Колониалдык саясатты жүргүзүү, эң оболу, жергиликтүү элдин коомдук-саясий абалы, социалдык түзүлүшү менен таанышуу болгон. Бул багытта жазылган эмгектерге орус саякатчылары, чыгыштаануучулар Ч. Валиханов, Н.А.Северцов, П.П.Семенов, В. Вельяминов-Зернов, Н.А.Аристов, В. А.Полтарацкий, М. Венюков сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерин кошууга болот.Аталган авторлор Кыргызстандын аймагында болушуп, окуялардын күбөсү катары маалымат топтошкон. Албетте, күбөлөнгөн окуяларды сүрөттөөгө ар бир автордун субъективдүү көз карашы да өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ошол эле учурда кыргызтаануу маселесин изилдеген авторлорго мүнөздүү бир көрүнүштү байкоого болот. Ал бир эле тарыхый фактыны бир канча авторлордун эмгектеринде кайталанып сүрөттөлүшү болуп саналат.

XIX к. кыргыздардын саясий абалын изилдөөдө орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү түндүк жана түштүк аймактагы кыргыздардын ички абалын өз алдынча бөлүп карашкан. Анкени, түндүк кыргыздар Кокон хандыгына номиналдүү баш ийишип турган болсо, Түштүк кыргыздарды Россиянын курамына каратып алуу процесси түндүккө караганда кеч болуп өткөнү белгилүү. Ошондон улам, XIX к. 40-60-жылдарында Кыргызстандын аймагына келген саякатчылар, чыгыштаануучулар түндүк аймактагы абал менен гана таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Түндүк аймакка саякат жасашкан Ч. Валиханов, М.Венюков, П.П.Семенов, Н.А.Северцов өңдүү орус саякатчылары кыргыздардын ички уруулук түзүлүшүн, курамын, уруулук чыр-чатактарды сүрөттөшкөн. Алардын эмгектери кыска болуп, күндөлүк формасында жазылып, ошо эле учурда көп маалымат топтоого аракет жасашкан. Мындай мүнөздөгү эмгектердин катарына Г.Г.Воронин жана Г.Ф.Нифаньтев

тарабынан түзүлгөн “Сведения о дикокаменных киргизах” аттуу обзордук мүнөздөгү эмгегин кошууга болот. Ал эми Ч. Валиханов, Н. А. Северцовдор өз эмгектеринде эки аймакта жашаган кыргыздардын саясий абалы бирдей эместигин белгилешкен болсо, мындай пикирди Кокон хандыгын изилдешкен В. Наливкин, А. Кун ж.б. авторлордун эмгектеринен тастыктоого болот.

XIX к. 40-50-жж. ич ара чыр-чатактар күчөп турган шартта өз алдынча мамлекет түзүү аракети болгондугуна карабастан бирдиктүү “борборлошкон мамлекет” түзүү аракеттери ишке ашпагандыгын жогорудагы авторлордун эмгектери, анан калса архивдик документтерге таянып изилдөө жүргүзүшкөн К. Үсөнбаев, А. Хасанов, Т. Кененсариев, Т. Өмүрбековдордун изилдөөлөрү тастыктап турат.

Түштүк кыргыздардын саясий абалы Кокон хандыгынын аймагына келишкен падышачылыктын өкүлдөрү, саякатчылар, чыгыштаануучулардын эмгектеринде кеңири сүрөттөлгөн. Алардын катарына Г. Н. Потанин, В. Вельяминов-Зернов, А. Кун, А. П. Федченко, В. Наливкин ж.б авторлорду кошууга болот. Аталган эмгектер хандыктын ичиндеги эки-үч саясий топтун ортосунда так талашуу үчүн тынымсыз жүрүп келген процесстердин жүрүшүн сүрөттөйт

Орус тарыхнаамасындагы кыргыз таануучулар тарабынан чагылдырылган маселелердин бири – XIX к. экинчи жарымындагы кыргыздардын салттуу коомундагы социалдык стратификациясы маселеси. Аталган маселе Ч. Валиханов, Н. Гродеков, О. Шкпаский, М. Венюков, Г.С. Загряжский, А. Талызин, Л. Костенко сыяктуу авторлордун эмгектеринде чагылдырылган. Көчмөн кыргыз коомчулугу *манап, бий, бай, букара* сыяктуу социалдык иерархиялык топторго бөлүнүшөрүн белгилешип, ар бир социалдык топтордун коомдогу ролу, аткарган функциясы, милдеттерин аныктоого аракет жасашкан. Алсак, өзгөчө манаптар туурасындагы маселе Ч. Валиханов, Н. Гродековдун эмгегинде кеңири сүрөттөлөт. Советтик авторлордон айырмаланып, революцияга чейинки авторлордун эмгектеринде «тап» түшүнүгү кездешпейт. Көчмөн турмуштун шартында социалдык катмарлардын жаралышы экономикалык-чарбалык айырмачылыктардан улам жаралган көрүнүш катары каралган. Ал эми советтик тарыхнаамада социалдык мамилелер коомдук-экономикалык формациялык методологиялык көз караштын негизинде каралып, анын негизин таптардын коомдогу ээлеген экономикалык ролу, мамилелери, жана тап күрөшү теориясы түзгөндүгү белгилүү.

Постсоветтик тарыхнаамада болсо, изилдөөчүлөр формациялык көз караштан четтешип, социалдык мамилелерди «стратификация» теорясынын негизинде изилдөө колдоого алынып жаткандыгы белгилүү. Ошондон улам XIX к. кыргыздардын салттуу коомдук түзүлүшүн, мамилелерин жаңы тарыхый көз караштардын негизинде изилдөө Кыргызстандын тарыхнаамасындагы актуалдуу илимий маселелердин бири экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Кыргызтаануу маселесиндеги орчундуу темалардын бири болуп кыргыздардын чарбасы жана соода мамилелери саналат. Кыргызстандын аймагына келишкен саякатчылар Ч.Ч. Валиханов, П.П.Семенов, М. Венюков, Н. А. Северцов ж.б. кайрылган темалардын бири кыргыздардын чарбасы болгон. Аталган авторлордун эмгектериндеги материалдарга таянсак, кыргыздарда мал чарбачылык менен катар дыйканчылык кеңири өнүгүп келгендигин далилдөөгө болот. Алсак, И.А. Бардашевдин күндөлүгүндө мал товар катары кызмат кылганы баса белгиленсе, Г.С. Загряжский малды багып өстүрүүнүн ыкмаларын, ага болгон мамилени сүрөттөйт. Соода мамилелери, ички тышкы соода алакалары В. Каульбарс, Вельяминов-Зернов, Н. Зеланд, Н. Маев өңдүү авторлордун эмгектеринде каралып, кыргыздар тышкы соода мамилелерин негизинен Чыгыш Түркстан, Россия аркылуу жүргүзүп келишкендиги белгиленет. Белгилей кетчү көрүнүш – орус тарыхнаамасында соода мамилелерин өз алдынча изилдөөгө алган эмгек жок. Ал эми XX к. башында соода мамилелери тийиштүү

статистикалык жана отчеттордун материалдарында жарыяланып, базар пунктарынын, жарманкелердин пайда болуп, өнүгө баштаганы белгиленет.

Жыйынтыктап айтканда, орус тарыхнаамасында 50 жылдан ашуун аралыкта кыргыз элинин саясий, социалдык, экономикалык, маданий тарыхын чагылдырган булакнааманын жана тарыхнааманын булактык мүнөзгө ээ, өзүнүн мазмуну, көлөмү, багыты жана мүнөзү боюнча айырмаланган эмгектер жаралган. Орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселеси илимий, практикалык, илимий-крайтаануучулук багытта жаралып, өнүккөндүгүн белгилөө керек. Илимий багытта кыргыз элинин тарыхына арналып, өзүнүн илимий баалуулугу, маалыматтуулугу, көлөмү, мазмуну жана изилдөө методологиясы боюнча айырмаланган эмгектердин катарына Н. Аристов, Ч. Валиханов, В. Наливкиндердин эмгектерин кошууга болот. Практикалык багыттагы эмгектердин катарына П.П.Семенов, Н.Краснов, Н.А.Северцов ж.б. эмгектерин кошууга болот. Практикалык мүнөздөгү эмгектерди өз ара экиге бөлүп кароого болот. Булар Кыргызстандын климатын, географиялык абалын изилдеп, келечекте Россия империясынын көчүрүп келүү саясатына салым кошуп, эң оболу келгиндерди жайгаштырууда практикалык сунуштарды берүү милдетин аткарган эмгектер болуп саналат.

Орус тарыхнаамасында крайтаануучулук мүнөздөгү эмгектер административдик иш боюнча, профессионалдык мүнөздөгү тапшырманы аткарууга келишкен падышачылыктын өкүлдөрү тарабынан жол күндөлүк, отчет формасында түзүлгөн. Мындай эмгектер публицистикалык, эркин түрдө, күндөлүк формасында жазылган. Алардын катарына Н. Зеланд, П. Аверьянов, А. Иванов, А. Н. Краснов ж.б. эмгектерин кошууга болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Орус тарыхнаамасындагы кыргыз таануу маселесине талдоо жүргүзүү менен төмөнкүдөй практикалык сунуштарды берүүгө болот:

- Кыргызтаануу маселесин тереңдитип изилдөө максатында КР УИАсынын алдында “Кыргыз таануу” илимий борборун ачуу зарыл;
- Жогорку окуу жайларда келечекте “кыргыз таануу” кафедрасын ачуу – коомдук талаптардын бири.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**


**1.** Түркстан крайындагы коомдордун, илимий мекемелердин - кыргызтаануу маселесинин жаралышындагы ролу [Текст] Н.А.Токторбекова // Вестник ОшГУ. – Ош, 2015. Выпуск 5. – С. 128-138.

**2.** Социальная стратификация кыргызского общества во второй половине XIX века в дореволюционной русской историографии [Текст] Н.А.Токторбекова // Журнал «Universum: Общественные науки». – Москва, 2016. – С. 156-170.

**3.** XIX кылымдагы кыргыздардын социалдык түзүлүшү революцияга чейинки орус тарыхнаамасында чагылдырылышы [Текст] Н.А.Токторбекова // Республиканский научно-теоретический журнал «Наука и новые технологии». – Бишкек, 2016. – С. 51-56.

**4.** Социальная стратификация кыргызского общества во второй половине XIX века в дореволюционных исследованиях. // Вестник ОшГУ. – Ош, 2016. Выпуск 1. – С. 260-265.

**5.** Развитие торговли кыргызов в конце XIX – начале XX вв. [Текст] Н.А.Токторбекова // Журнал «Universum: Общественные науки». – Москва, 2017. – Выпуск №3 (март). – С.14-18.

**6.** Кыргызтаануу маселесинин жаралышы жана өнүгүү багыттары (XIX к. экинчи жарымы XX к. башы) [Текст] Н.А.Токторбекова // Вестник ОшГУ – Ош, 2017. Выпуск 3. – С. 219-226.

**7.** Изучение хозяйственной жизни кыргызов во второй половине XIX- начале XX вв.[Текст] Н.А.Токторбекова // Журнал «Universum: Общественные науки». – Москва, 2017. – Выпуск №3 (март). – С.9-13.

Токторбекова Нурзыйнат Асаналиевнанын **«Кыргызтаануу маселесинин орус тарыхнаамасында изилдениши» (XIX к. экинчи жарымы - XXк. башы)”** - деген темадагы 07.00.09 - тарыхнаама, булактаануу жана тарыхый изилдөө ыкмалары адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изилденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин


**Резюмеси**

**Ачкыч сөздөр:** кыргыз таануу, чыгыштаануу,орус тарыхнаамасы, изилдөөчүлөр, саясий абалы, социалдык түзүлүшү, чарбасы, соода мамилелери

**Изилдөөнүн объектиси**. XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселесин чагылдырган авторлордун эмгектери.

**Изилдөөнүн предмети.** Орус тарыхнаамасындагы кыргыздардын саясий абалы, социалдык-экономикалык турмушу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык эмгектин негизги максаты XIXк.экинчи жарымы XXк.башындагы орус тарыхнаамасындагы кыргызтаануу маселесиндеги кыргыздардын саясий абалын, социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган эмгектерге тарыхнаамалык анализ жүргүзүү. Коюлган максаттын чегинде төмөнкүдөй **милдеттер коюлат:**

- кыргыз таануу маселесинин жаралышынын тарыхый шарттарын иликтөө;
- -орус тарыхнаамасындагы кыргыздар туурасындагы алгачкы тарыхый маалыматтарга баа берүү;
- кыргыздардын коомдук-саясий абалын чагылдырган эмгектерге анализ жүргүзүү;
- кыргыздардын социалдык-экономикалык абалын сүрөттөгөн эмгектерге талдоо жүргүзүү;
- кыргыздардын чарбалык жана соода мамилелерин изилдеген эмгектерге анализ жүргүзүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Изилдөөнүн методологиялык негизин жалпы илимий тарыхый принциптер жана илимий объективтүүлүк түзөт. Диссертациялык иште төмөнкү методдор колдонулду: тарыхый-салыштырмалуулук, проблемалуу-хронологиялык, тарыхый-ретроспективалык жана логикалык.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы .**

- Постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында кыргызтаануу маселесин тарыхнаамалык таризде каралып жатат
- Кыргызтаануу маселесине Түркстантаануу тармагынын бир бөлүгү катары өз алдынча илимий обьект катары кароого аракет жасалгандыгы
- Кыргызтаануу маселесин изилдеген авторлордун эмгектерин тарыхнаамалык-тарыхый булак катары кароо маселеси биринчи ирет коюлуп жатат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси**.

Диссертациянын материалдарындагы камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстанданын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Кыргызтаануу боюнча каралып жаткан доордо жазылган эмгектер Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарых адистиги бөлүмдөрүндө “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасы”, “Кыргызстандын тарыхынын булактары” предметтери боюнча лекциялык материалдарга тарыхый, тарыхнаамалык булак катары колдонууга мүмкүндүк берет.

**Эмгектин түзүмү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 3 баптан, корутундудан, жана адбияттардын тизмесинен турат.

**Резюме**

диссертации Токторбековой Нурзыйнат Асаналиевны на тему **«Исследование проблемы кыргызоведения в русской историографии» (вторая половина XIX начало - XX в.)”** на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.09. историография, источниковедение и методы исторического исследования

**Ключевые слова:** кыргызоведение, востоковедение, российская историография, исследователи, политическое положение, социальная структура, хозяйство, торговые отношения

**Объектом исследования** являются труды российских авторов второй половиныXIX – начала XX веков, в которых нашла отражение проблема кыргызоведения.

**Предмет исследования** – политическое положение, социально-экономическая жизнь кыргызов периода второй половины XIX – начала XX в.в, отраженные в трудах представителей российской историографии.

**Цель исследования** – историографический анализ трудов российских авторов,исследовавших политическое положение, социально-экономическую жизнь кыргызов периода второй половины XIX – начала XX в. в. в рамках кыргызоведения. Данная цель предполагает решение **следующих задач:**

- раскрытие исторических условий зарождения проблемы кыргызоведения;
- анализ трудов российских авторов, в которых нашло отражение общественно-политическое положение кыргызов рассматриваемого периода;
- изучение трудов авторов, посвященных освещению социально-экономического положения кыргызов;
- анализ трудов авторов, в которых рассмотрены хозяйственные и торговые отношения кыргызов исследуемого периода.

**Методология исследования:** Методолгическую основу диссертационного исследования составляют общенаучные принципы историзма и научной обьективности. В работе использованы следующее методы: проблемно-хронологический, сравнительно-исторический, ретроспективно-исторический и логический методы историографического анализа

**Научная новизна исследования заключается в следующем**:

- впервые в историографии постсоветского Кыргызстана проблема кыргызоведения представлена в качестве объекта научного исследования;
- предпринята попытка представить проблему кыргызоведения в качестве объекта научного исследования как органической части туркестановедения;
- впервые труды авторов, касающиеся проблемы кыргызоведения, рассматриваются в качестве историко-историографических источников.

**Научно-теоретическая и практическая значимость работы** заключается в возможности использования ее научных положений, материалов, выводов в исследовании истории Кыргызстана и сопредельных народов. Труды, касающиеся различных аспектов кыргызоведения, могут использоваться в качестве исторических, историографических источников при подготовке лекционного материала по курсам «История Кыргызстана», «Историография истории Кыргызстана», «Источниковедение истории Кыргызстана» для студентов, обучающихся историческим специальностям.

**Структура работы.** Диссертация состоит из введения, трех глав, заключения и списка использованной литературы.

## RESUME


of the dissertation written by Toktorbekova Nurziynat Asanalievna on «**The research of the problem of Kyrgyz Studies in Russian historiography (the second half of the XIX – the beginning of the XX centuries)**» for the degree of candidate of the historical science on the speciality 07.00.09 – historiography, source study and methods of historical research

**Key words:** Kyrgyz Studies, oriental studies, Russian histirography, researchers, political condition, social structure, sector, trade relations.

**Object of the research:** The works of the representatives of Russian historiography related to the problems of Kyrgyz Studies of the second half of the XIX – the beginning of the XX centuries.

**Subject of the research**: Political and social, economic conditions of the Kyrgyz people in the second half of the XIX – the beginning of the XX centuries.

**The aim of the research:** historiographical analysis of political, social, economic life of the Kyrgyz people mentioned in the works of the researchers on Kyrgyz Studies.

**Methodology of the research** is based on the general principles of historism and scientific objectivity. The main methods used in the research include: problematic-chronological, comparative-historical, retrospective-historical and logical methods of historiographical analysis.

**Novelty of the research:**

- for the first time in Post-Soviet historiography the problems of Kyrgyz Studies in historiographical aspect was investigated;
- for the first time in the field of Turkistanology the problems of Kyrgyz Studies was investigated as the scientific object;
- The works of researchers on Kyrgyz Studies as historiographical source were examined for the first time.

**Scientific-practical significance of the research** includes scientific sources; conclusion of the dissertation can be used in the process of teaching the history of Kyrgyz Republic and neighbor countries. Materials and works on Kyrgyz Studies of mentioned periods can be used as the historiographical source of lectures on the History of Kyrgyzstan, Historiography of the History of Kyrgyz Republic, Source Study of the History of Kyrgyz Republic in departments of history at higher educational institutions of Kyrgyzstan.

**Structure of the research:** the dissertation includes the introduction, three chapters, conclusion, practical recommendations, references and bibliography